*Г.Т.Майчинова*,
*БГУ*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ТУТУМУНУН ТУРУКТУУЛУГУНУН НЕГИЗДЕРИ

*Аталган макалада автор Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыкты кабыл алгандан кийинки өлкөдөгү шайлоо тутумунун орнотулушу, шайлоо тутумунун негиздерин жана өзгөрүүлөрүн талкуулаган.*
***Ачкыч сөздөр:*** *шайлоо тутуму, жарандардын шайлоо укуктары, Кыргыз Республикасынын шайлоо кодекси, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, шайлоо комиссиялар, шайлоонун географиясы концепциясы.*

Кыргыз Республикасынын трансформациялоо процессиндеги шайлоо тутумунун түптөлүшүнүн жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү.

1991-жылдын август айында Кыргызстан көз карандысыз, суверендуу, демократиялык мамлекет болуп жарыяланган. Суверендүү Кыргызстанда ар кандай партиялар, профсоюздар, коомдук уюмдар жана кыймылдары бар жарандык коом жана укуктук мамлекет түптөлөт. Белгилүү болгондой тике жана өкүлдүк демократиянын түптөлүшүндө чоң ролду шайлоо тутуму ойнойт. Шайлоого катышуу акты өзү эле жарандардын өкмөттүн мыйзамдуулугуна жана жоокерчиликтүүлүгүнө ишенимин жогорулатат. Конституцияны кабыл алгандан баштап эле Кыргыз Республикасында максаттуу түрдө, эл аралык шайлоо стандарттарына ылайык шайлоо уюштуруу жана өткөрүү боюнча нормативдик-укуктук негиз түзүлүп, шайлоо тутуму бүтүн боюнча өзгөрткөн.

Бирок, улуттук мыйзамда мамлекеттик бийликтин демократиялык уюштуруунун жөн гана дүйнөлүк тажрыйбасынын тиги же бул вариантын кайталоодон, коомдук ан-сезимде демократиянын идеясын дискредитациялоо жасай турган демократиялык процессти имитациялоодон качуу керек. Кыргызстанада шайлоо тутумунун түптөлүү этабы өткөнү менен дагы эле анын мындан ары өнүгүү жана өркүндөө маселелери дискуссия жаратат.

Кыргыз Республикасында шайлоо тутумунун түптөлүү жана өнүгүү көйгөйлөрүн анализдөө жана баамдоодо.

Шайлоо институттарынын туруктуулукту камсыздай турган мамлекеттин шайлоо тутумунун өзүнөн мамлекеттин демократиялык жаратылышы көз каранды. Шайлоо тутумунун мазмуну мындан аркы саясый коомдун түзүлүшүнүн трансформациялоодо юридикалык, социалдык, маданий жана уюштуруучулук ресурстарды топтоодо болуп эсептелет.

## Кыргыз Республикасынын шайлоо тутумунун туруктуулугун негиздери

1991-жылдын август айында Кыргызстан көз карандысыз, суверендуу, демократиялык мамлекет болуп жарыяланган. Суверендүү Кыргызстанда ар кандай партиялар, профсоюздар, коомдук уюмдар жана кыймылдары бар жарандык коом жана укуктук мамлекет түптөлөт.

Белгилүү болгондой тике жана өкүлдүк демократиянын түптөлүшүндө чоң ролду шайлоо тутуму ойнойт. Шайлоого катышуу акты өзү эле жарандардын өкмөттүн мыйзамдуулугуна жана жоокерчиликтүүлүгүнө ишенимин жогорулатат. Конституцияны кабыл алгандан баштап эле Кыргыз Республикасында максаттуу түрдө, эл аралык шайлоо стандарттарына ылайык шайлоо уюштуруу жана өткөрүү боюнча нормативдик-укуктук негиз түзүлүп, шайлоо тутуму бүтүн боюнча өзгөргөн.

Бирок, улуттук мыйзамда мамлекеттик бийликтин демократиялык уюштуруунун жөн гана дүйнөлүк тажрыйбасынын тиги же бул вариантын кайталоодон, коомдук ан-сезимде демократиянын идеясын дискредитациялоо жасай турган демократиялык процессти имитациялоодон качуу керек. Кыргызстанада шайлоо тутумунун түптөлүү этабы өткөнү менен дагы эле анын мындан ары өнүгүү жана өркүндөө маселелери дискуссия жаратат.

Шайлоо институттарынын туруктуулукту камсыздай турган мамлекеттин шайлоо тутумунун өзүнөн мамлекеттин демократиялык жаратылышы көз каранды. Шайлоо тутумунун мазмуну мындан аркы саясый коомдун түзүлүшүнүн трансформациялоодо юридикалык, социалдык, маданий жана уюштуруучулук ресурстарды топтоодо болуп эсептелет.

Шайлоо тутумуна байланыштуу теоретикалык концепцияларды иштеп чыгууда шайлоо көйгөйлөрүнө көз караш маселеси маанилүү болуп эсептелет. Азыркы убакта жеткиликтуу түрдө мында көз караштан турган жолдун үчөөсү аныкталды:

1. ***Шайлоонун географиясы концепциясы.*** Анын маңызы ар кайсы райондордо алардын жаратылыш жанан социалдык шарттарына жараша саясый көз караштарынын стабилдүүлүгүндө.

2. ***Шайлоо жыйынтыктарын көп фактору баалоого негизделген концепция.*** Анын маңызы шайлоонун жыйынтыгы тууралуу статистикалык маалыматтар менен катар анализдөөдө шайлоого чейинки болуп өткөн саясаттын ролун, өзгөчө шайлоо кампаниялар мезгилиндеги кандидаттарды тандоо, партиялык жана шайлоо кампаниялардын байланышын, саясый партиялардын абалын ж.б. эске алуу зарылчылыгында.

3. ***Социалдык суроолордун негизинде шайлоо процессин анализдөө жолунун концепциясы.*** Аталган концепция добуш берүү жыйынтыгын жалпы көрсөткүчтөрүн анализдөөдөн индивидуалдуу маалыматтарды изилдөөгө өтүү, б.а. ар кандай сурамжылоолорду жүргүзүү. Мындай концепциянын негизинде Мичиган университетинин окумуштуулары тарабынан өткөрүлгөн изилдөөнүн социалдык-психологиялык багыты жатат. Белгилүү болгондой аталган метод кеңири жайылтууга ээ болгон.

Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүүсү, коомдун саясый тутумунун демократизацияланышы, туруктуу өнүгүү улуттук стратегиясын ишке ашыруу Кыргызстандын шайлоо тутумун өркүндөтүү менен тыгыз байланышта экенин көргөздү. Дүйнөлүк тажрыйба көргөзгөндөй демократия басымдуу деңгээлде жарандын жана адамдын укугунун жана эркиндигинин көлөмү, калктын мамлекеттик органдарын түзүүдө, ал органдар тарабынан чечимдерди иштеп чыгуу, кабыл алуу жана ишке ашыруусуна реалдуу катышуусу менен аныкталат. Эл тарабынан өзүнүн бийлигин тикеден-тике же мамлекеттик органдар тутуму аркылуу ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан аныкталган. Так ошол шайлоолор элдин бийликке анын оюу боюнча өлкөнүн өнүгүүсүнүн демократиялык жолун камсыздайт деген адамдарды алып келүүнү камсыздоого шарт түзөт.

1999-жылкы «Кыргыз Республикасындагы шайлоолор тууралуу» Кодексин кабыл алуу негизинен биринчи иретте шайлоо мыйзам чыгаруунун иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен дал келиштирүү болчу. Шайлоо кодекси Кыргыз Республикасынын шайлоо тутумун реформалоонун негизги элементи болуп калды [1.,24-25.].

Белгилүү болгондой шайлоонун натыйжасы көп учурда өлкөдөгү электоралдык мыйзамынын демократиялуулугунун деңгээлинен көз каранды. «Кыргыз Республикасынын шайлоо тууралуу» Кодекси эл аралык эксперттердин анын ичинде ОБСЕнин жакшы деген корутундусуна ээ болгон. Алардын оюу боюнча ал демократияга негизделген шайлоолорду өткөрүүгө жагымдуу укуктук шарт түздү [2.,34-36].

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы шайлоолор тууралуу» Кодекси зор көлөмдөгү нормативдик жана илимий материалдарды изилдөө жана корутундулоо боюнча көп күч жана убакыт талап кылган жумуштун жыйынтыгы. Кодекс кыргыз укук тутумуна бардык алгылыктуу шайлоо технологияларын жана шайлоо өткөрүү практикасынын дүйнөлүк стандартка туура келген нерсенин бардыгын өзүнө камтыган.

Ага карабай, Кыргызстанда 1999–2015-жылдары болуп өткөн шайлоо кампанияларын практикасы реалдуу чындык дайыма мыйзамда каралганга караганда бай жана ар түрдүү болоорун көрсөттү.

Ошондуктан иштеп жаткан мыйзам чыгарууга өзгөртүү киргизүү зарылчылыгы тууралуу суроолор абдан жөндүү көтөрүлдү. Анын зарылчылыгы республикада конституциялык реформа болуп өткөнү менен дагы байланыштуу.

Конституциянын жаңы редакциясына ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына кандидаттарды көрсөтүү укугу саясый партияларга берилген.

Бул нормалар негизинен саясый партиялардын ролун жана баркын жогорулатууга, саясый партиялардын жер-жерлердеги социалдык базасын, кандидаттар менен саясый партиялардын бири-бири алдындагы жоопкерчилигин өнүктүрүүгө багытталган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, иштеп жаткан мыйзам чыгарууну өркүндөтүү тууралуу төмөнкүдөй сунуштарды берүүгө болот.

Айрыкча, шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жаатында маселери боюнча мыйзам чыгаруу инициатива көтөрүү толук көлөмдөгү укугун берүү менен шайлоо комиссияларын түзүүнүн тартибин жана статусун өркүндөтүү; республикада болуп өткөн шайлоонун жыйынтыгында түшкөн сунуштар жана пикирлерге жараша иштеп жаткан мыйзам чыгаруудагы айрым начар жерлерди жана карама-каршылыктарды четтетүү, кызматтагы адамдардын кандидаттарды агитациялоону уюштурууда жана өткөрүүдө болгон катышуусунун даана чектерин белгилөө керек. Мыйзам чыгаруунун алкагында, айрыкча автордук программа жана автордук материалдар тарабынан, шайлоо алдындагы компанияны маалыматтык чагылдыруусун көзөмөлдөө зарыл.

Шайлоо тутумуна байланыштуу бир дагы башка тема мынча көп талкууну жараткан эмес. Саясаттаануучулардын кызыгуусун түшүнсө болот: ар бир жаңы шайлоо даярданууну, божомолдорду, коомдук ой-пикирди изилдөөну талап кылат. Практика коргозгондой шайлоочулардын саясый каалоосуна таянып тиги же бул партия же жеке кандидат шайлоодо жеңишке алып барчу конкреттүү чара корот.

Шайлоо кодексин кабыл алуу шайлоолордун ролун жана алардын фундаменталдык маанилүүлүгүн жогорулатат. Кодекстин классикалык үлгүсү – эскирип колдонулбай калган жобо менен нормаларды алып салуу менен бирге иштеп жаткан нормативдүү актыларды жаңы сапаттагы жана өз убактысында бирге кошуу. Шайлоо катышуучуларына бирдиктүү бир тутумга киргизилген акт колдонууга ыңгайлуураак.

Жарандардын шайлоого жана мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу бийлик органдарына шайланууга болгон конституциялык укугун камсыздоодо маниилуу роль шайлоо комиссияларга таандык. Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктуу тутумун Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү шайлоо комиссиялары тууралуу» (2011-жылдын 24-июнунан) мыйзамына жараша алып барат.

Шайлоо комиссиялар өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо тууралуу» конституциялык мыйзамын, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында референдум өткөрүү жөнүндө» конституциялык мыйзамын, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына шайлоолор жөнүндө» мыйзамын колдонмо кылып алат. Шайлоо комиссиялардын ишине мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдар, коммерциялык эмес уюмдар, ананы ичинде саясый партиялар, жана башка юридикалык жана физикалык жактар тарабынан кийлигишууго жол берилбейт.

Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын шайлоо тутумунда аны өркүндөтүү менен байланыштуу болуп жаткан трансформациялык жана модернизациялык процесстер болуп жатат.

Биринчиден шайлоо тутумунун нормативдүү-укуктук базасы түзүлүп, Кыргыз Республикасында шайлоо тутумун өркүндөтүү мамлекеттик программасы иштелип чыгып таратылган, тутумдун бардык этаптарында тиешелүү информацияны жыйнап, анализдеп жана иштеп чыгууга арналган программалык-техникалык каражаттар таратылган ж.б.

Келечекте шайлоочуларды эсепке алуу, шайлоочулардын тизмесин түзүү, убактылуу кармоочу жайдагы шайлоочулардын укугун камсыздоо боюнча чоң жумуштарды жасоо керек. Буга байланыштуу чечүүнү талап кылган зарыл маселе болуп жарандардын жашоого жана турууга жерди тандоо конституциялык укугуна ылайык иштеп жаткан мыйзам чыгарууда болгон жарандардын жашаган жана турган жери боюнча эсепке алуу жана каттоо карама-каршылык маселелерин чечүү болуп эсептелет. Кыргызстанда кээ бир жарандар жашаган жери боюнча коммуналдык төлөмдөргө байланыштуу атайын катталбаган учурлар көп кездешет. Ички жана тышкы миграция бул маселени дайыма көз мейкиниде кармап турууну талап кылат. Мыйзам чыгаруучуга шайлоочуларды каттоо тартиби өзгөрүп кетүүсү жана ага жараша шайлоочулардын тизмегин түзүү тартиби өзгөрүп кетүүсү тууралуу ойлонуу керек. Дүйнөлүк практикага шайлоочуларды каттонун активдүү (милдеттуу түрдө эмес) каттоосу – жарандардын өзүлөрүнүн белгиленген учурларда тизме түзүүчү органдарга келип шайлоочу катары катталып кеткени белгилүү.

Жарандарды тизмеге кошуу учурунда алардын шайлоолук укугун камсыз кылууда «дайыма» жана «басымдуу учурда» жашаган жери аттуу түшүнүктөрдү түшүндүрүү маселе туудурат. Мүмкүн мыйзам чыгаруучуга бул түшүнүктөрдүн критерийин аныктап чыгуу керек. Мында биздин оюбуз боюнча «дайыма жашаган жер» деп регистрация тууралуу белгини байланыштырып, «басымдуу учурда жашаган жер» деп дүйнөлүк практикада колдонулган жергиликтүү салыктын көбүрөөк төлөнгөн жерин байланыштырса болот.

Экинчиден, шайлоо практикасы көрсөткөндөй шайлоо мыйзам чыгаруунун бузуунун бири болуп кандидаттардын каттоодо чындыкка дал келбеген маалыматтарды көрсөтүүсү. Бирок бул суроо шайлоо комиссиясы тарабынан кандидаттын документтерди көрсөтүүдө унутчаактыгы же жаңылыштыгынан каттоо жокко чыгарылуу ситуациясын болтурбоо максатында көбүрөөк деталдаштырууну талап кылат. Мындай негиздүү каттоонун жокко чыгаруу мурда ниет кылып (атайылап) мүлктү же кирешени жашырганда гана колдонулушу керек.

Үчүнчүдөн, шайлоо алдындагы агитация шайлоо процессинин эң татаал жана конфликттүү стадиясы болот. Республика боюнча иштеп жаткан мыйзам чыгаруудагы айрым начар жерлерди жана карама-каршылыктарды четтетүү, кызматтагы адамдардын кандидаттарды агитациялоону уюштурууда жана өткөрүүдө болгон катышуусунун даана чектерин белгилөө керек, ошондой эле шайлоо убагындагы агитациялык жана информациялык, кыймыл-аракет деген түшүнүктөрдү, информация жана комментарий деген түшүнүктөрдөн чектөө керек.

Төртүнчүдөн, бардык деңгээлдеги шайлоо комиссиялардын жана соттордун маанилүү маселеси болуп жарандардын шайлоо укуктарын камсыздоого байланыштуу талаш-тартыштарды чечүүдө адилеттүү укук колдонуучу практиканы иштеп чыгуу. Иштеп жаткан мыйзам кемчилиги бар, карама-каршылыктуу, ар кайсы көйгөйлүү учурду тескөөчү ылайыктуу нормалар жок деген пикирлер көп айтылат. Бул жерде белгилей кетчү нерсе Кыргызстандын эле эмес, көп мамлекеттердин шайлоо мыйзам чыгаруусу дайыма этаптуу өркүндөтүүнү талап кылат. Буга байланыштуу мыйзам чыгаруучу шайлоого даярданууда жана өткөрүүдө бардык боло турган учурларды божомолдой да албайт жана божомолдоого милдеттүү дагы эмес. Шайлоо комиссиялары жана соттор Конституцияда жана Шайлоо кодексинде жазылган шайлоонун фундаменталдуу принциптерин билгичтик менен колдонуусу керек. Конкреттүү норма жок учурда бул органдар мыйзамдын маанисин табуу менен маанисиз натыйжага алып келбей турган кылып укук принциптерин адилеттүү колдонуусу керек.

1999-2003-жылдары өткөрүлгөн шайлоолордун жыйынтыгына болгон жарандардын шайлоо укугунун бузулуусу тууралуу даттануулар жана арыздар жарандардын шайлоо укугун бузгандыгына байланыштуу жоопкерчилик дифференциалдуу экендиги тууралуу маселени алып чыкты [3.,47-50-б.].

Өтүп кеткен шайлоолор шайлоо тартыштарын чечүүдө шайлоо комиссиялардын дагы, соттордун дагы шайлоо мыйзамдарынын нормаларын колдонууда алсыздыгын көрсөттү. Бул биринчи иретте шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, айрым судьялардын жеткиликтүү деңгээлде эмес даярдыгы, шайлоо тартыштары боюнча жеткиликтүү соттук практикасынын жоктугу менен байланыштуу. Маанилүү өзгөртүү болуп себептүү далилдерге негизделген, даттанууну көрсөтүү мөөнөтүн белгилөө болот. Бул, мурдагы бардык денгээлдеги шайлоолордо болгондой шайлоонун жыйынтыгын аныктоону негизсиз жасалма түрдө узартууну алып таштоого көмөк көрсөтүүсү керек.

Менин оюмча Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укугун камсыздоо максатында соттор көбүрөөк административдик жоопкерчилик чараларын мисалы, штрафтарды колдонуусу керек, анда шайлоо укук бузуусунун денгээлине гана жараша өзгөчө чараны – кандидаттын каттосун же шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну колдонуусу керек. Ал эми ал өз кезегинде шайлоо жана административдик жоопкерчилик кодексине тиешелүү өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү талап кылат. Мыйзам алкагында кандидаттарга же шайлоонун башка катышуучуларына эскертүү сыяктуу жоопкерчилик чарасын караштырып, аны колдонуу укугун шайлоо комиссияларына берүү керек.

Райондук сотторду, Жогорку Сотту шайлоо мыйзамын бузууга байланыштуу соттук практиканы кароо менен тааныштырууга чон маани берүү керек.

Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын өз убагында көрсөтүлгөн инициативасы менен Борбордук шайлоо комиссиясынын бюллетенинин сандарында райондук соттордун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун шайлоо тартыштарын чечимин жарыялоо болду. Ал шайлоо процессинин бардык катышуучуларына, анын ичинде шайлоону уюштуруучулардын өзүнө мындан ары иштөөсүнө бай материалдарды берип, шайлоо укуктарды сот тарабынан колдоонун артыкчылыгын далилдейт.

Шайлоого катышпоого жана шайлоолорго байкот жарыялоого чакырыктарга байланышкан суроолор да тактоону талап кылат. Бул чакыруулар, биздин оюбузча, конституциялык түзүмдүн негизинин опузолоочу информацияны алып жүрүүчү, коомго коркунуч алып келүүчү мүнөзгө ээ, жана шайлоо укугун ишке ашырууга тоскоол болуу деп квалификациялаларып кылмыш жоопкерчилигине тартылуусу керек.

Бешинчиден, жарандардын шайлоо укугунун гарантиясын камсыздоочу маанилүү элемент болуп жарандардын жана шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын жалпы укуктук жана кесиптик жогорулатуу боюнча иш-аракеттер болот.

Жогоруда айтылгандар бизге шайлоо комиссияларынын кадр тутумунун кесиптик квалификациясын жогорулатуу боюнча негизги багыттарды аныктоого мүмкүндүк берет. Алар, биринчи иретте:

• конституциялык жана шайлоо укугу чөйрөсүндө укуктук даярдоо;

• шайлоо талаштарды чечүүнүн практикасын жана сот жыйынын өткөрүүнун процессуалдык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү;

• областтык, аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларын шайлоо уюштуруучулардын квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик даярдоо боюнча системдүү пландуу иш жүргүзүү;

• шайлоо кампанияларын жүргүзүүнүн өтө татаал маселелери боюнча республикалык жана регионалдык илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды, иш отурумдарды жана жыйындарды уюштуруу;

• тигил же бул шайлоо кыймыл-аракеттерин аткарууга тар убак калганда оперативдүү чечим кабыл алууга машыгууну үйрөнүү, психология жана педагогиканын, саясый менеджменттин негизин үйрөнүү;

• шайлоо технологияларын бузууну жана аларга активдүү каршылык көрсөтүүнү билүү;

• шайлоо уюштуруучуларды жаңы компьютердик технологияларга үйрөтүү;

• шайлоо комиссияларына кадрларды даярдоодо дистанттуу окутуу методдорун колдонуу;

• шайлоо уюштуруу кадрларды окутуунун башка өлкөлөрдүн шайлоо комиссияларынын ар кандай позитивдүү тажрыйбасын үйрөнүү жана жайылтуу;

• шайлоо уюштуруу жана өткөрүүнүн чет элдик тажрыйбасын билүү.

Эркин атаандаштык конституциялык шайлоолорго негизделген шайлоо тутумун өркүндөтүү саясаттын мааниси социалдык, юридикалык, маданий ресурстарды биздин коомдун шайлоо тутумун мындан ары конституциялык-демократиялык трансфомациялоо үчүн бириктирүүдө. Мында чоң роль ар кандай деңгээлдеги шайлоо комиссияларына ыйгарылат. Жана аларадын маселеси болуп ireттүү жана адилеттүү шайлоо демократия саясатын жүргүзүү болот.

Жогоруда аталган жана дагы башка чараларды ишке ашыруу шайлоо комиссияларынын кесиптик деңгээлин, анын негизинде Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүүнүн сапатын жогорулатууга көмөк болот.

Өлкөдө демократиялык процесстерди, кеңири коомчулуктун шайлоого болгон кызыгуусун өнүктүрүү - мунун бардыгы шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын укуктук маданиятын жогорулатууга түрткү берет.

***Адабияттар***

1. Байсалов Э.Ж., Куликова Г.А., Майчинова Г.Т., Уметалиева Т.Дж., “Талапкерлер үчүн эскертме». – Б., 2004. 230 б.

2. Байсалов Э.Ж., Куликова Г.А., Майчинова Г.Т., Уметалиева Т.Дж “Шайлоо укугу: суроолор жана жооптор”. – Б., 2004, 180 б.

3. Байсалов Э.Ж., Куликова Г.А., Майчинова Г.Т., Уметалиева Т.Дж “Шайлоо комиссиялары үчүн колдонмо”. – Б., 2004, 192 б.

4. Байсалов Э.Ж., Куликова Г.А., Майчинова Г.Т., Уметалиева Т.Дж “Байкоочулар үчүн эскертме». – Б., 2004, 210 б.

5. Байсалов Э.Ж., Куликова Г.А., Майчинова Г.Т., Уметалиева Т.Дж “Аймактык шайлоо комиссиялары үчүн эскертме”. – Б., 2004, 156 б.

6. Майчинова Г.Т., Процессы трансформации и модернизации системы выборов в Кыргызской республике. // Общество и политика. 4-выпуск, 2012. 343 б.

7. Майчинова Г.Т., Шайлоо укугунун жана шайлоо тутумунун теоретико-методологиялык негиздери // Вестник БГУ, 2013, №1, 368 б.

8. Майчинова Г.Т., Особенности развития и реформирования избирательной системы в процессе трансформации Кыргызской Республики. // Общество и политика, 2013. №2, 370 б.